КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ
ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА ОШ
ШААРДЫК АЙМАКТЫК
КОМИССИЯСЫ

ОШСКАЯ ГОРОДСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ
ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО
ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ
РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ
РЕСПУБЛИКИ

723510, Ош шаары, Ленин көч. 221
тел./факс 5-53-44

723510, город Ош, ул. Ленина, 221
тел./факс 5-53-44

# ЧЕЧИМ №27/8

2021-жылдын 10-июлу — Ош шаары

Катышышты:
Ош АШКнын төрагасы - Аттокуров У.Т.,
Ош АШКнын катчысы - Б. Ысмаилова
мүчөлөрү -

1. **И.Каримов №5319 шайлоо участкасынын комиссияларын өз билемдик менен алмаштырып жатат деген маалымат боюнча.**

**Угулду:** Ош АШКнын төрагасы У. Аттокуров – Урматтуу кесиптештер, Ош аймактык шайлоо комиссиясына 2021-жылдын 8-июль күнү Ош шаардык ИИБдин Тергөө кызматы Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү кенештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Мыйзамынын 42-бер 1-б ылайык, кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестрине №02-041-2021-001709 саны менен катталган материалды караштуулугу боюнча кароо үчүн жиберилген.

Аталган материал боюнча Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы 2021-жылынын 1-июлунда чыгыш саны №04-06/656 менен Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына жана Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине кат жөнөтүлүп, анда А.Асаналиев Ош аймактык шайлоо комиссиясынын өкүлү катары көрсөткөн "Ибрагим" деген жарандын өздүгүн аныктап, анын иш аракеттерине КР Жазык кодексинин 191-беренесинин 2, 3-бөлүктөрүнө ылайыктуулугу тууралуу укуктук баа берүүнү суранышкан, так айтканда №5319 участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнөн жамааттык арыз келип, "Ибрагим" атуу жаранга карата укуктук баа берүүнү суранган.

2021-жылдын 7-июлунда Ош аймактык шайлоо комиссиясына чыгыш саны №32-3-6145 болгон Ош шаардык ички иштер башкармалыгынан кат келип, анда Ош АШКсында "Ибрагим" аттуу жаран иштегендиги тууралуу маалымат суралып, ага ошол эле күнү Ош АШКсынан чыг. саны №113 менен жооп жөнөтүлүп, анда Каримов Ибрагим шайлоо мезгилинде техникалык жактан колдоо группасына специалист болуп келишим менен жумушка алынгандыгы жана №5319, №5320, №5321, №5322, №5904 шайлоо участкаларынын идентификация операторлору жана АСУ операторлорунун ишин контролдогондугу билдирилген.

Каримов Ибрагим Улугбекович өзүнүн түшүнүк катында, №5319 шайлоо участкалык комиссиясынын мүчөлөрү мэрияга келген учурда чогулушка ГТП катары чогулушка катышкандыгын жана АСУ операторлорун окууга чакыруу үчүн дайныйларын алуу максатында катышкандыгын билдирген.

Жогорудагы фактылардын негизинде Каримов Ибрагим шайлоо мезгилинде техникалык жактан колдоо группасына специалист болуп келишим менен жумушка алынгандыктан жана аталган чогулушка маалымат жеткирүү үчүн катышкандыктан, И.Каримов №5319 шайлоо участкасынын комиссияларын өз билемдик менен алмаштырып жатат деген маалыматты кароодон баш тартуу боюнча сунуш добушка коюлду.

**Макул – 10** **Каршы – 0**

Сунуш бир добуштан кабыл алынды.

**Ош аймактык шайлоо комиссиясы күн тартибиндеги маселени талкуулап**

**Чечим кылат:**

1. И.Каримов №5319 шайлоо участкасынын комиссияларын өз билемдик менен алмаштырып жатат деген маалымат кароодон баш тартылсын.
2. Чечим Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына билдирилсин.

**Ош шаардык шайлоо комиссиясынын төрагасы** **У. Аттокуров**

**Ош шаардык шайлоо комиссиясынын катчысы** **Б. Исмаилова**